super.kg
МААЛЫМАТ МААНАЙШАТ ПОРТАЛЫ

American University of Central Asia

# ЖАҢЫ МУУН АКАДЕМИЯСЫ БИРИНЧИ ОКУУ ЖЫЛЫН БАШТАДЫ



**27-август күнү Борбор Азиядагы Америка университетинин алдында түзүлгөн Жаңы муун академиясынын биринчи окуу жылы старт алды. Аталган окуу жайга 2012-2013-окуу жылында 70 абитуриент кабыл алынган. Окуу жылынын башталышына биз да күбө болгону барып, студенттердин ой-пикирлерин угуп келдик.**

## БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРГӨ ЧОҢ МҮМКҮНЧҮЛҮК

Буга чейинки сандарда жазгандай, Жаңы муун академиясы *(ЖМА)* Кыргызстандын булуң-бурчунда жашаган мектеп бүтүрүүчүлөрүнө көмөктөшүү үчүн ачылган. Кыргызстандын алыскы айылынан же борборунан болсун, ЖМА каржы жаатынан кысталган, бирок акылдуу жана билими терең жаштарга болуп көрбөгөндөй мүмкүнчүлүк түзүп берет. Бир гана кыргызстандыктар эмес, Борбор Азиянын көпчүлүк абитуриенттери Борбор Азиядагы Америка университетинде *(БААУ)* окууну кыялданышат. Эгер сиз да БААУнун алдында түзүлгөн ЖМАнын студенти болуп, бекер окууну кааласаңыз, анда ушул күздөн баштап англис тилин жакшы өздөштүрө баштаңыз.

## СТУДЕНТТЕРДИН ОКУУСУНА МЫКТЫ ШАРТТАР ТҮЗҮЛГӨН


ЖМАга Кыргызстандын жети дубанынан келген 70 мектеп бүтүрүүчүсүнүн окуу чыгымдары, жатаканасы, үч маал тамак-ашы "МИНА" корпорациясы тарабынан каржыланат. БААУнун алдындагы ЖМАнын биринчи окуу жылынын башталышы тууралуу аталган академиянын директору Жаннат Хетрик төмөнкүлөрдү айтып берди:

– Быйыл биз биринчи окуу жылыбызды баштап жатабыз. Студенттердин көпчүлүгү алыскы облустардан чогулса да, окууга болгон каалоолору ушунча чоң экен. Кечээ эле ЖМАнын студенттери жана окутуучулары менен жолуктум. Окутуучулар да *"студенттердин окууга кызыгуусу мынчалык чоң болорун күткөн эмеспиз"* деп айтып жатышат. Быйылкы окуу жылыбыздын алгачкы эки жумасында академиябыздын студенттери үчүн багыттоо жумалыгы, таланттар сынагы, сыноо сабактары өткөрүлдү. Алар эки жуманын ичинде эң жакшы жыйынтыктарды көрсөткөнгө жетишишти. Менин оюмча, мындай темп менен биздин студенттер мындан да чоң бийиктикти багындыра алышат.

Жаннат айым менен маектешкен соң ЖМАнын сулуулары да жаңы окуу жылынын башталышы тууралуу ой-пикирлерин бөлүшүштү.

Асел Калдыбаева:

### "БААУНУН ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ МЕНИ АРБАП АЛДЫ"



– Мен Ысык-Көл облусунан келгем. Мектепте эле эң мыкты университеттердин биринде окуп, билимдүү болууну кыялданчумун. Эми ошол тилегим орундалды окшойт. ЖМАга келгениме аябай ыраазымын. Анткени баарынан мурун мени БААУнун жаңы технологиялар менен камсыздалган китепканасы арбап алды.

Мурун деле Ысык-Көлдөн райондук, облустук китепканаларга барчумун. А бул жерде баары жаңы технологиялар жана интернет менен камсыздалыптыр. Китепкана десем, башкалар *"БААУда окуудан баштары чыкпайт"* деп ойлошу мүмкүн. Бирок БААУда жакында мындан башка кошумча курстардын жарманкеси болот. Ал жерден интеллектуалдык деңгээлди жана сүйлөө искусствосун өнүктүрүү тууралуу курстарга жазылайын деп жатам. Кошумчалай кетсем, окутуучулардын окутуу системи да башкача экен. Алар сабак өтүп жаткан маалда окууга болгон каалооң күч алат. Эгер мен ЖМАга келбесем, башка ЖОЖдордон мындай мүмкүнчүлүктөрдү тапмак эмес болушум керек.

Алтынай Бактыбек кызы:

### "ЖМАДА МЕНИ ОКУУДАН БАШКА ЭЧ НЕРСЕ ОЙЛОНДУРБАЙТ"



– Көпчүлүгүнө белгилүү болгондой, алыскы райондордо сабактар мыкты деңгээлде өткөрүлбөйт, анын ичинде англис тили да бар. Бирок мен алдыма *"англис тилин мыкты өздөштүрүш керек"* деген чоң максат коюп алгам. Алыскы Токтогул жергесинде жүрсөм да, бир канча долбоорлорго катыштым, англис тилдүү волонтёрлор менен сүйлөштүм. Ошентсе да бул тилди 100 пайызга билем деп айта албайм. Андыктан БААУда англис тилин, тилди гана эмес, башка предметтерди өздөштүрүүгө мыкты шарттар түзүлгөн. Мени ЖМАда окуудан башка эч нерсе ойлондурбайт. Жатакана, тамак-аш, окуум бекер. Андыктан мектеп бүтүрүүчүлөрүнө айтарым, мыкты окуу жайда окугуңар келип, бирок акчаңар жок болсо, ЖМАга келгиле.

Тахмина Аманкожоева:

### "БИЗДЕН ӨТКӨН ЫНТЫМАКТУУ СТУДЕНТТЕР ЖОК"



– Негедир көпчүлүк жаштардын аң-сезимине *"БААУда жалаң гана байлардын балдары окуйт, ал жерде окуш – жөн гана кыял"* деген ой орноп калган. Менде да ошондой ой бар болчу. Караколдон ЖМА тууралуу укканда дароо документтеримди топтой баштадым. Өтүп кеткениме азыркыга чейин ишенбейм. Бул жакка келгенимде башка студенттер тарабынан *"тилди начар билесиң"* деген басынтуулар болот деп ойлогом. Эки жуманын ичинде ойлорумдун баары өзгөрдү. Бул пафос эмес, бирок БААУнун студенттери акылдуу жана ынтымактуу.

Урматтуу окурман, ЖМАнын студенти болуш үчүн сизде толук мүмкүнчүлүк бар. Ал үчүн азыртадан баштап кийинки окуу жылына чейин англис тилин өздөштүрө баштаңыз. Ал эми *"ЖМАга кантип тапшыруу керек?"* деген суроого толук маалыматты төмөнкү дарек боюнча ала аласыз:

**Бишкек шаары,**
**Абдумомунов көчөсү-205**
**Тел.: (0312) 66-11-13**
***(кош.: 249)***
**www.nga.auca.kg**
**nga@mail.auca.kg**

## Элдик ВИДЕО

***Зеригип турсаңыз, жагымдуу музыкага бөлөнүп, жаңы клиптерди көрүп, боорду эзген тамашаларга ортоктош болуп же дүйнөдө болуп жаткан кызыктарга күбө болуңуз. Ал үчүн сайтыбыздын "Медиа-портал" бөлүмүндөгү "Элдик видеого" конокко кириңиз. Эгер өзүңүз көргөн укмуштай видео менен бөлүшкүңүз келсе, жүктөп коюу мүмкүнчүлүгү да бар. Анда күтөбүз!***

### КЫЗЫКТУУ ВИДЕО

ИРАНДЫН НИНДЗЯ АЯЛДАРЫ




**Suiuktuu** жүктөгөн бул видеодон курал-жарактын бүт түрү менен эркин согуша алган ирандык ниндзя аялдарды көрүүгө болот. Алардын саны учурда кеминде 3500дү түзүп, алар куноити деп аталышат. Ушундай ниндзя аялдардын клубу Ирандын көпчүлүк аймактарында бар.

## Ыр дүйнө

Мирбек Атабеков,
**«СУРАНАМ»**



***Сөзү, обону: М.Атабековдуку***

Өзгөрүп дүйнө бир сени менен,
Өзүмдөн өзүм кызганып келем.
Ак сүйүүм чексиз улана берет,
Убакыт өзгөрүлсө да.
Өрт болуп күйөт жалындап денем,
Өчүрбө, жаным, суранам сенден.
Өзгөчө сага сезимим терең,
Түбөлүккө жашоом – сен.

А мен болсо сени жүрөгүмө сактап алдым,
Өмүрүмөн артык көрөмүн сени, ардагым.
"Алыстаба, жаным, сүйөмүн сени ансайын",
Деген сөздөрүңдү унута албай эстеп дайым,
Кайталап улам.

Суранамын Жаратканымдан,
Сүйүүмдү сакта, сакта ар дайым!
Кайталап улам кубанычымды,
Сүйүүмдү сакта, сакта ар дайым!

WWW.SUPER.KG
Бул ырдын клибин ушул сайттын "Медиа-портал" бөлүмүнөн көрө аласыздар.

www.super.kg
# Супер Хит!
ПОПУЛЯРДУУ КЛИПТЕР СЫНАГЫ


*Бул аптанын жыйынтыгында Асел Касымова "Эркелеп" аттуу клиби менен биринчиликке жетишти. Ал эми "Кеңеш" тобунун "Ханышам" деген клиби аз упай топтоп, СуперХиттен четтетилди. Сынактан чыккан клиптин ордун Темир Назаров "Агын суу" деп аталган клиби менен толуктап калды.*

| | | | |
|---|---|---|---|
| — | 1 | АСЕЛ КАСЫМОВА, «Эркелеп» | 26 упай |
| ↑ | 2 | КАНЫКЕЙ, «Адаштым» | 10 упай |
| ↓ | 3 | ОМАР, «Кыргызстаным» | 9 упай |
| ↑ | 4 | ИСА ӨМҮРКУЛОВ, «Сүйүү жазы» | 8 упай |
| ↑ | 5 | ЗАМИР МЫРЗА, «Ашыгам» | 7 упай |
| ↑ | 6 | К.ДҮЙШЕЕВА & «ЖЕБЕ» ТОБУ, «Кечинде келемин сага» | 6 упай |
| ↓ | 7 | ГҮЛЗАДА, «Жаз» | 2 упай |
| + | 8 | АЗАМАТ ЭРКИНБЕВ, «Неге?» | 0 упай |
| ↓ | 9 | АЙНУРА САЛАХИДИНОВА, «Чырагым» | -1 упай |
| × | 10 | «КЕҢЕШ» ТОБУ, «Ханышам» | -2 упай |

★ Сыйлуу тизмеге кошулду
↑ Өткөн жумадагы позициядан жогору чыкты
↓ Өткөн жумадагы позициядан төмөн түштү
+ Өткөн жумада кошулган
× Четтетилди
— Ордунда калды

Аптанын мыкты клибин аныктоо үчүн **WWW.SUPER.KG** сайтындагы "Медиа-порталда" жаккан клибиңизге добуш берип, сын-пикириңизди калтырыңыз. Добуш берүү ар шаршемби күнү саат 10:00дө токтотулат.

### СЫНАКТАН ЧЕТТЕТИЛГЕН КЛИП



*"Кеңеш" тобу, «Ханышам»*

**jaina:** Ушунча узундан узун сюжеттин кереги бар беле?!

**aksa:** Жанагы ортосундагы пауза өтө узак болуп кетиптир. Кино же клип экени дайынсыз.

**Atashkg:** Клип, ыры жакшы экен, бирок кызды уурдаган соң жок дегенде оозун таңып, колдорун байлап койсо болмок. Кичине уурдалган кыздай кылып.

**takinado:** Клиптин узактыгынан уйкум келип кетти. Сюжет кызыктуу экен, бирок мынчалык узак кылбай эле, элге окшоп 3 мүнөткө батырып коюшса болмок.

**Lovely:** Чыныгы актёрлор ролдорду аткарганы жакты. Бирок аягына чейин отуруп көрүү мүмкүн эмес. Тажап кеттим.

### СЫНАККА ЖАҢЫ КИРГЕН КЛИП



*Темир Назаров, "Агын суу"*

Темир Ош-Баткен жолунда бара жатып дал ушул ырды угуп, жаңылап ырдап чыгууну көздөгөн. Ошентип, ырга жаңы көйнөк кийгизген соң купулуна көп толо бербейт. Кийин обонго жандуу комуз үнүн кошкондо гана көңүлү тоё түшкөн. Ал тургай тез арада клип тартып салууну чечкен. Ырчынын көздөгөнү – жөнөкөй, эч кандай машина, сулуу кыздары жок, бирок улуттук баалуулуктарды чагылдырган клип тартуу эле. Ошондуктан клипте кыргыздын жайлоолорун, кооз табиятын көрсөткөнгө аракет жасашкан. Ал эми казак боордоштордун "Кызжибек" тасмасынан кадрларды кошуу сунушун ырчынын кесиптеши киргизген. Себеби кыргыз-казак бир тууган, каада-салттарыбыз деле окшош эмеспи.

Мирана Мамырбаева forum@super.kg